Каралды:

Педагогикалык кеңеш

№ 2

«11» 10 2022ж

"Бекитемин"

Х.Жээнбаев мектеп лицейинин

директору [signature] Ат..ев Б.С

«12» 10 2022ж

## СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН КЫЗМАТТЫК ЖОБОСУ

***Жалпы жоболору:***

1. ***Социалдык педагогдун ишин пландаштыруу***

***Социалдык педогогдун пландарына ар кандай формада пайдаланылат:***

1.1 Жылдык , жарым жылдык ( мындан да чоң мөөнөт менен пландаштырса болот)
1.2 Чейректик , айлык, жумалык
1.3 Ар кандай ишмердүүлүктөрдүн ар кандай пландаштырылуусу зарыл.
1.4 Социалдык педагогдун төмөндөгү документтери болуусу зарыл.
1.5 Мектептеги микросоциумунсоциалдык педагогикалык мүнөздөмөсү, психологиялык мүнөздөмөсү
1.6 Мектептин жетекчиси бекиткен преспективдик план.

2 **Социалдык педагогдун отчету:**

***Отчетто төмөндөгү маалыматтар болушу зарыл:***

2.1 Ата-энесинен ажыраган же кароосуз калган балдардын , мектеп окуучуларынын саны.

2.2 Социалдык жетим балдар тууралуу.

2.3 Мигрант үй бүлөлөрдүн балдары тууралуу
2.4 ДМЧ балдардын абалы тууралуу
2.5 Көп балалуу үйбүлөлөрдүн балдары тууралуу
2.6 Кооптуу үй бүлөлөрдүн балдары тууралуу

2.7Балдардын кызыкчылыгын жана укуктарын коргоо боюнча календардын мезгил ичинде аткарылган иштер жөнүндө.

2.8 Социалдык педагогдун карамагындагы балдардын өздөштүрүүсү жана ден соолугу жөнүндө.

2.9 Социалдык педагогдун көзөмөлүндөгү окуучулардын жайкы эс алуулары жөнүндө.

2.10 Жашы жетпеген балдарга көрсөтүлгөн материалдык жардам жөнүндө.

2.11 Окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн саны жөнүндө.

Бул маалымат статистикалык маалыматтар менен кошо берилиши керек.

**3.Социалдык педагогдун ишмердүүлүгү**



Сканировано с CamScanner

3.1 Социалдык педагогдун кесиптик сапаттары: ачык , кең пейилдүүлүк, деликаттуулук, конкреттүүлүк

3.2 Принциптери : мамиле түзө билгичтүүлүк , инсанга багытталуучулук, инсанды кабыл алуусу, конфеденциалдуулук.

3.3 Функциялары: талдоочулук, диагноздоочулук, прогноздук, уюштуруучулук-коммуникативдик, социалдык-профилактикалык, координациялоочулук, уюштуруучулдук, социалдык-педагогикалык, окуучуларга жардам көрсөтүү, ортомчулдук, өз алдынча билим алуучулук.

3.4 Методдору: инсанды, социумду, үй бүлөнү диагностикалоо методу, оозеки сөз (баяндоо, аңгеме,түшүндүрүү, дискуссия, лекция), тарбиялоо методдору (ынандыруу, үйрөтүү, мактоо, жазалоо, мотивация, аракетке тартуу, сын, пикир). Бул методдор социалдык педагог төмөндөгүдөй учурда колдонулат:

Баланын проблемасын аныктагандан кийин.

Инсандык өзгөчөлүгүнө карата Үй бүлөдө мамилелердин деңгээлине карата.

Адистин өзүнүн кесиптик мүмкүнчүлүгүнө карата. Мындан тышкары мектепте ата-энеси жок томолой жетим балдар болсо анда аларды багып алуу проблемалары келип чыкса , социалдык педагог ошол баланын укугун жана кызыкчылыгын көздөш керек. Эгер бул категориядагы балдарды багып алуу,ата-энелердин укугунан ажыратуу, ата-энелердин балага жазаган катуу мамилелери, ата-энелердин балдарынын кылмыш ишине тартуусу ж.б проблемалар чыккан убакта анын атайын нормативдик документтердин негизинде иш алып баруусу зарыл.

3.5 Баланын инсандык өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү:

3.6 Баланын өсүп өнүгүүсү үчүн комплекстүү көмөк көрсөтүү:

3.7 Баланын жашоо мейкиндигин коргоо , кам көрүү:

| № | Ишмердүүлүктүн багыттары | Мазмуну |
|---|---|---|
| 1 | Баардык жаш курактагы балдардын социалдык жана инсандык кейгейлөрүн аныктоо максатында социалдык -педагогикалык изилдөө | 3 Класстардын социалдык паспортторун жүргүзүү<br>4 Окуучулардын үй-бүлөдө маданий тиричилик мамилелерин талдоо<br>5 Үй бүлөлөргө социалдык -педагогикалык диагноз коюу. |
| 2 | Балдардын укугун социалдык-педагогикалык жактан коргоо | 6 Социалдык жактан коргоого муктаж болгон балдарды аныктоо, (ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, зээндүү балдар, багууга, кароого алынган балдар)<br>7 Чоңдор тарабынан кысымга, агрессияга дуушар болгон балдарды коргоо жана жекече колдоо көрсөтүү |
| 3 | | 8 Жашоо шарты оор үй бүлөнүн, психикалык-физиологиялык проблемалары бар , балдарды багып алган үй бүлө жөнүндө база түзүү, үй бүлөлөргө сергек жашоонун нормаларын , психикалык-психологиялык нормалар тууралуу агитация жүргүзүү. |



Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Окуучунун инсандык калыптанышына , үй бүлөгө социалдык-педагогикалыкжардам көрсөтүү | 9<br>10<br>11 | Руханий байлыктар , баалулуктар билимдерин жогорлатуу.<br>Окуу, тарбия процессинде ата-энелерди тартуу.<br>Социалдык -педагогикалык проблемалар боюнча ата-энелер, коомчулук, мугалимдер,окуучулар үчүн "тегерек столдорду, конверенцияларды" өткөрүү |
| 4 | Социалдык педагогикалык консультациялар | 12<br>13<br>14 | Оор жашоонун кырдаалына туш келген окуучулар үчүн жекече консультацияларды уюштуруу жана өткөрүү.<br>Окуучуларга кесиптик багыт берүүгө консультацияларды өткөзүү.<br>Ар кандай социалдык педагогикалык проблемалар боюнча ата-энелер, мугалимдер , окуучулар ,коомчулук үчүн консультация өткөрүү. |
| 5 | Социалдык- педагогикалык профилактика , коррекция, реаблитация | 15<br>16<br>17 | Жүрүм турумунормадан четтеген балдарды алдын ала аныктоожана профилактика иштерин жүргүзүү<br>"Риск тобундагы " балдар менен иштоо<br>Окуучулардын арасында сергек жашоо тууралуу билим берүү жана ар кандай турмуштун кырдаалына туш келген балдарга реабилитация көрсөтүү. |
| 6 | Балдардын инсандык өсүп-өнүгүшү үчүн социалдык-педагогикалык чөйрө түзүүгө багытталган иштерге көмөк көрсөтүү | 18<br>19 | Социалдык -педагогикалык , окуу-тарбия иштерин пландаштырууда жана уюштурууда мектептин администрациясын , окуучулардын , ата-энелердин , коомчулуктун проблемаларын эске алуусуна түрткү болот.<br>Ата-энелер, мугалимдер, окуучулардын ортосундагы мамилелерди өнүктүрүү |
| 7 | Балдардын социалдык баалуулуктарын ишмердүүлүктөрүн колдоо (волонтер, долбоор түзүү) | 20<br>21<br>22 | Оорулууларга , инвалиддерге, жардамга муктаждарга камкордук көрсөтүү<br>Кары-картаңдарга мээримдүүлүк иштерин жүргүзүү<br>Ар кандай чыгармачылык жана инсандык баалуулуктарды калыптандыруучу иш - чараларды жүргүзүү. |
| 8 | Уюштуруучулук методикалык ишмердүүлүктер | 23<br>24<br>25 | социалдык -педагогикалык ишмердүүлүктөргө талдоо жүргүзүү жана жалпылоо<br>социалдык-педагогикалык методикалык семинар, конференцияларга катышуу<br>социалдык -педагогикалык проблемалар боюнча окуп үйрөнүлгөн методикалык адабияттар, методикалык изилдөөлөрү чогултуу жана база түзүү. |



Сканировано с CamScanner